УДК 378

ЖАКШЫЛЫКОВ Ж.
*Эларалык Ататүрк Алатоо университети*

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДА ОКУТУУ ПРОЦЕССИН БАШКАРУУ

Дүйнө тарыхына “жогорку окуу жайлары” деген түшүнүк кирген күндөн тартып, андагы окутуу процессин таасирдүү жана өндүрүмдүү башкаруу жолдорун издөө маселеси келип чыкканы жалпыга белгилүү. Башкаруу же башкаруу маданияты - өтө кенен жана татаал тема [1, 2]. Бүгүнкү күнгө чейинки педагогдордун окутуу процессин башкарууга арналган иш-аракеттеринде көптөгөн технологияларды колдонуулары же иштеп чыгуулары мыйзам ченемдүү. Башкаруу технологиясын кандайдыр бир системаны же процессти жогорку чыгармачылыкта башкаруу жана контролдоо катары эсептесе болот [3]. Окутуу процессин чеберчилик менен башкаруу жолдору көптөп саналат жана ар бир системадай эле бул дагы өзгөрүүгө муктаж. Башкаруунун жаңы делген ар бир технологиясы көбүнчө андан мурдагы технологиянын өркүндөтүлгөн жана жакшыртылган варианты болот. Бүгүнкү күндө актуалдуу болгон Кыргызстандын билим берүү системасынын эң негизги канаты жогорку окуу жайларындагы окутуу процессинин сапатын жогорулатууга байланыштуу жазылган эмгектер арбын. И.Б.Бекбоевдин “Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери” [4] китебинин 3-бөлүмү менен 15-бөлүмү окутуу процессин башкаруудагы тажрыйбаларды бөлүшөт жана жол-жобо көрсөтөт. Э.М.Мамбетакуновдун “Педагогиканын негиздери” [3] аттуу эмгегиндеги 14-бөлүмү педагогикалык технологиялардын маанисин, мазмунун жана анын түрлөрүн таасын ачыктаган. Ушул эле эмгектин 16-главасында окутуу процессинин мазмуну жана аны аныктоонун принциптери, максатынын так аныкталышы жана башкаруунун педагогикалык шарттары белгиленип, түшүндүрмө берилген. С.К.Калдыбаевдин “Педагогикалык өлчөөнүн теориялык маселелери” аттуу эмгегинде болсо, окутуу процессин башкаруу учурунда башкаруунун компоненттеринин бири болгон өлчөө ишмердүүлүгүнүн мааниси аныкталып, жол жоболор сунушталган. Е.Синдин [5] диссертациялык ишинин 3-главасында жаңы форматта окуу процессин сапаттуу башкаруу боюнча педагогикалык шарттарды жана теориялык негиздеги жыйынтыктарды изилдеген. Г.Б.Абакированын окуу процессин башкарууга арналган “Университеттин окуу процессин башкаруунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу” [6] деген диссертациялык эмгеги, негизинен, окуу процессин жалпы изилдөөгө алган жана окуу бөлүмүнүн ишмердүүлүгүн иликтеген. Бул изилдөөдө окуу процессин системалык көз караш менен колго алып, кредиттик системанын жана кадрдык даярдыктын окуу процессинин эффективдүүлүгүнө болгон таасири анализденген.

Батыш окумуштууларынын ичинен Эдвард Саллис [6, 7, 8], Гари Джонс [8], Голдберг, Томас Фостер [9, 10], Митхат Чорух ж.б. сыяктуу изилдөөчү-педагогдордун билим берүү системасын ар дайым сапаттуу башкарып турууга арналган эмгектерин атаса болот. Эдвард Саллистин “Окуу жайын башкаруу жана уюштуруу иштери” деп аталган эмгегинде башкаруунун компоненттери жакшы талдоого алынып, практикалык иштердин негизинде эффективдүү башкаруу технологиялары коомчулукка сунушталган. Гари Джонс болсо - бул майданга кызыктуу салымы менен чыккан илимпоз. Анын “Билимди жана билгичтикти башкаруу” делген, окутуу процесси жүрүп жаткан учурда процесстин эффективдүүлүгүн жогорулатуудагы методологиясынын мааниси чоң. Ошондой эле билим берүү системасынын эффективдүү башкарылышына багытталган Эдвард Саллис [7], Дираж Мехротра [11] ж.б. сыяктуу окумуштуулардын эмгектерин айтуу мүмкүн. Дираж Мехротранын билим берүүнү башкарууда “алты сигма” деп аталган кандайдыр бир

системаны үзгүлтүксүз өркүндөтүүгө багытталган методологияны колдонуусу жана аны колдонуунун жол-жоболорун сунуштоосу жогору бааланган. Экономикалык жактан өнүккөн батыш өлкөлөрү билим берүү системасында заманбап билим берүүнүн талаптарына ылайык реформаны өз убагында кылуу үчүн терең анализ жүргүзүшүүдө.

Тагдырлаш орус элинин билим берүү системасына үңүлсөк, С.И.Архангельскийдин окуу процессин сапаттуу башкаруунун технологиялары жөнүндө, Н.Д.Захаренконун билим берүү системасын сапаттуу башкаруу методдору жөнүндө эмгектерин көрүүдөбүз. Мындан сырткары, В.П.Беспалько, В.Владимирова, А.И.Галагин, Б.С.Гершунский ж.б. ардактуу окумуштуу-изилдөөчүлөрдүн орус билим берүү системасынын сапатына кошкон салымы зор экендиги шексиз.

Кыргыз Республикасы өз алдынчалыкка жетишип, көз каранды эмес мамлекет болгондон баштап, билим берүү тармагын реформалоого Конституциядан тартып, «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамга чейин шарттарды даярдоого мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Бул жылдардын ичинде билим берүү багытындагы өзгөрүүлөр мурдатан колдонуп келген бай тажрыйбаларга таянылуу менен, жаңы педагогикалык технологияларды практикага киргизүү, окутуунун мазмунун жана формасын өркүндөтүү менен турмушка ашырылууда.

Бүгүнкү күндөгү окутуу процессин "Билим берүү законуна" ылайык түп-тамырынан жаңылоо маселеси ЖОЖдогу ар бир окутуучунун студенттерди сапаттуу окутуп тарбиялоого канчалык даражада профессионалдуу мамиле жасашына, канчалык ал өзүнүн педагогикалык устаттыгын, идеялык ишенимин, эрудициясын жана жалпы маданиятын өркүндөтө ала тургандыгына көз каранды.

Айткандай, окутуу процессин ишке ашырууда, окутуучунун жогоруда айтылган өзгөчөлүктөрүнө таянып, ага дайыма чоң жоопкерчилик артылганы талашсыз. Бирок биздин билим берүү системабыз бул жоопкерчиликтүү иште окутуучунун процессти башкаруусунда канчалык өбөлгө түзүп берүүдө? Кандай жеңилдетүүлөрдү, технологияларды жана шарттарды түзүп берүүдө? Бул суроолорго жооп берүүдөн мурда, окутуу процессин башкарууда жаңы технологияларды колдонуунун актуалдуулугун негиздөө керек.

Өзүбүздөн чыккан ардактуу илимпоздорубуздун жогоруда аталып өткөн эмгектеринин кыргыз билим берүү системасына кошкон салымдары абдан зор жана сыйга ээ. Аталган эмгектердин иш жүзүнө ашырылышы мамлекет тарабынан көзөмөлдөнсө, билим берүү системабыздагы сапаттык көрсөткүчтөрдүн жогорулоосу көзгө көрүнүп, коом тарабынан байкалар эле.

Бул өңүттө Кыргызстандын жогорку окуу жайларында окутуу процессин башкаруунун жаңы технологиялары катары 6σ (алты сигма) деп аталган тынымсыз сапаттуу башкаруу системасын жана статистикалык процесс контролдоо (SPC) механизмин кыргыз менталитетине ылайыкташтырып түзүп чыгууну сунуштаса болот. Жаңы технологияларды кыргыз менталитетине ылайыкташтыруу шартын окумуштуу-илимпоз, педагог Э.Мамбетакуновдун кийинки пикири айгинелейт: "Окутууну өсүп келе жаткан муундарды улуттук маданият, элдик кадаа-салт, ыймандык жана эстетикалык баалуулуктар менен айкалыштыра ишке ашыруу керек".

Кыргызстандын жогорку окуу жайларындагы окутуу процессин башкарууда жаңы технологияларды колдонуунун өзгөчөлүктөрү жана сапаттык көрсөткүчтөргө тийгизген таасирин изилдөө учурунда дүйнөлүк тенденциядан артта калган билим берүү системабызды эч кимден жашырбашыбыз жана комплекске кирүү жаңылыштыгын кылбашыбыз керек. Ооруну билүү жана кабыл алуу – аны дарылоо жолдорун көздөй ташталган эбегейсиз маанилүү кадам. Акыркы 20 жылдыкта билим берүүбүздө байкалган кризистик маселелер мурда советтик системанын артына жашынсак, кийинчерээк батыш системасын кыргыз менталитетин эске албай, билбестиктен куруунун негизинде пайда болду. Кыргыз билим берүүсү дүйнөлүк стандарттарды негиз алуу менен бирге, өзүнүн

багытын туура белгилөөсү зарыл. Багыт белгилүү болгондон кийин, ийгиликтүү өлкөлөрдү өрнөк алып, тынымсыз сапат башкаруу системасын жана статистикалык процесс контролдоо механизмин киргизишибиз абзел. Ошондуктан бул макалада төмөнкүдөй сунуштарды белгилөөгө болот:

1. 6σ (алты сигма) тынымсыз сапаттуу башкаруу системасын колдонуу менен, жогорку окуу жайларынын окутуу процессиндеги сапаттык көрсөткүчтөрдүн деңгээлин көтөрүү маселесин теориялык жана практикалык жактан изилдеп, туура негизге отургузуу.

2. Студенттерге, ата-энелерге жана университеттин жамаатына тынымсыз сунуштала турган жыйынтыктардын жана анализдердин негизинде окуу процессинин ачык-айкын болушуна салым кошуу.

3. Статистикалык процесс контролдоо жолу менен катасыз иштеген же каталардын алдын алган окутуу процессин камсыздоонун механизмин иштеп чыгуу.

Эгерде төмөндөгү божомолдор ишке ашса, жогорку окуу жайларынын окутуу процессиндеги сапаттык көрсөткүчтөр жогорку деңгээлге көтөрүлөт деген ишеним болот:

1. Окутуу процессин система катары колго алуу жана максатсыз жана багытсыз бөлүкчө калтырбоо.

2. Процессти башкаруучуларга сапаттуу башкаруу принциптерин кабыл алууну талап катары коюу жана аткарылышын көзөмөлдөө.

3. Жогорку окуу жайларынын жетекчиликтерине статистикалык процесс контролдоонун жыйынтыктарын ачык-айкын жарыялап туруусун камсыздоо.

4. Сапаттуу башкаруу философиясынын маңызын окутуу процессине тиешеси болгондорго сиңирүү (кыргыз менталитетине ыңгайлаштыруу).

Бул түшүнүктө Кыргызстанда алгачкы болуп, “жапон ыкмасындагы” башкаруунун окутуу процессинде колдонулуусу өлкөбүз үчүн жаңылык болуп эсептелет. Ошону менен бирге, батышта ийгиликтүү колдонулуп жаткан бул технологияларды турган турпаты менен кабыл албастан, өзүбүздүн менталитетибизге, каада-салтыбызга жана элдик түшүнүгүбүзгө ылайыкташтырып колдонууну сунуштоо дагы туура иш-аракет болор. Ушул өңүттө окутуу процессинин сапаттык көрсөткүчтөрү жана сапат түшүнүгүнүн мааниси жаңыдан изилденилиши жана өздөштүрүлүшү шарт. Ошондуктан бул сапаттык көрсөткүчтөрдү биздин же чет элдик илимпоздордун мурдатан белгилешкен көрсөткүчтөрүнөн айырмалап, жаңылык катары илимий чөйрөгө сунуштоо керек. Катасыз иштеген же болбосо каталардын алдын алуучу окуу процессин түзүүдө статистикалык процесс контролдоо механизмин куруу маселеси дагы маанилүү бойдон калууда.

Бул тармактагы илимий-педагогикалык маалыматтарды топтоо жана аларды системалык түрдө анализдөөгө негизделген методдорду колдонуу шарт. ЖОЖдордо жүргүзүлгөн эксперименталдык изилдөөнүн натыйжалары студенттердин жана окутуучулардын окуу процессиндеги (сабактын ичинде жана тышында) ишмердигине байкоо салуу, алардын сапаттык көрсөткүчтөргө карата деңгээлин анализдөө аркылуу карама-каршы текшерилиши үчүн эксперимент даярдап жүргүзүү илимийлүүлүктүн негизги компоненттери катары алынат. Ошондой эле баштапкы сапаттык деңгээл менен эксперименттин аягындагы деңгээл статистикалык тесттер (ANOVA, t-test, correlation analysis жана Muptile Factor Analysis) менен ар тараптуу текшерилип, сапаттык көрсөткүчтөрдү түзгөн критерийлердин ортосундагы ич ара таасирлерине чейин изилденип, илимий жактан тастыкталса, изилдөө абдан так аткарылган болот.

Адабияттар:

1. Lobby L. Robert Strange McNamara: the true story of Dr. Strangebob: special report. Michigan: Liberty Lobby, 1967, 2008.

2. Foster S.T. Managing Quality: An Integrative Approach. 2nd ed. Pennsylvania State University: Pearson Prentice Hall, 2004.
3. Библиотека Воеводина: [сайт]. [2011]. URL: http://enbv.narod.ru/text/Econom/management/knorring_upravlenie/str/12.html (дата обращения: 27.04.2014).
4. Мамбетакунов Э., Сияев Т. Педагогиканын негиздери: Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы. -Бишкек: Педагогика, 2009. -138 б.
5. Бекбоев И. Инсанга багытталган окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. -Бишкек: Педагогика, 2003. -156 б.
6. Син Е. Научно-теоретические основы совершенствования учебного процесса в системе университетского образования. Докторская диссертация. УДК 378.144/146. –Ош, 2011.
7. Абакирова Г.Б. Повышение эффективности управления учебным процессом в вузе. Диссертация. УДК 378.1-А132. -Бишкек, 2011.
8. Sallis E. School Management and Organization. 4th ed. London: Kogan Page, 2002.
9. Sallis E. Total Quality Management in Education. 4th ed. London: Kogan Page, 2002.
10. Jones G., Sallis E. Knowledge Management in Education: Enhancing Learning & Education. New York: Routledge, 2012.